**Теплоключенка айыл өкмөтү кадрлар резервине киргизүү үчүн административдик муниципалдык кызматынын орундарына ачык сынак жарыялайт:**

**Башкы кызмат орундарына коюлуучу квалификациялык талаптар (Б-А, Б-Б)** (2 штаттык бирдик)

**1) кесиптик билимдин деңгээли:**

- тиешелүү багыттагы жогорку билим

**2) иш стажы жана тажрыйбасы:**

- жалпысынан **3** жылдан кем эмес мамлекеттик жана/же муниципалдык кызмат стажы же тиешелүү тармактык багыты боюнча тиешелүү кесиптик чөйрөдөгү **5** жылдан кем эмес иш стажы;

**3) кесиптик компетенттүүлүгү:**

- төмөнкүлөрдү билүү: Кыргыз Республикасынын жалпы мыйзамдарын, ошондой эле тиешелүү тармактагы мыйзамдарды:

**Б-А үчүн:** КРнын Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө, Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын шайлоолору жөнүндө, Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө, Жамааттар жөнүндө, Жайыттар жөнүндө, Мамлекеттик тил жөнүндө.

**Б-Б үчүн:** КРнын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө, Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын шайлоолору жөнүндө, Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө, Мамлекеттик тил жөнүндө

адам ресурстарын башкаруу жаатындагы;

кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон көлөмдө мамлекеттик жана расмий тилдерди;

**- билгичтиги:**

иштин артыкчылыктуу багыттарын аныктоо жана стратегиялык пландарды иштеп чыгуу;

ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү;

чыр-чатактуу кырдаалдарды жөнгө салуу;

**- көндүмдөрү:**

маалыматты талдоо, системалаштыруу жана жалпылоо;

ченемдик укуктук актылар менен иш алып баруу жана аларды тажрыйбада колдоно билүү;

**Улук кызмат орундарына** (экономикалык блок)
**коюлуучу квалификациялык талаптар (У-А, У-Б)** (3 штатттык бирдик)

**1) кесиптик билимдин деңгээли:**

- тиешелүү багыттагы жогорку билим;

**2) иш стажы жана тажрыйбасы:**

- жалпысынан **1** жылдан кем эмес мамлекеттик жана/же муниципалдык кызмат стажы же тийиштүү кесиптик чөйрөдө **3** жылдан кем эмес иш стажы;

**3. Кесиптик компетенциялары:**

- төмөнкүлөрдү билүү: Кыргыз Республикасынын жалпы мыйзамдарын, ошондой эле тиешелүү тармактагы мыйзамдарды:

**У-А үчүн**: Бюджеттик кодекси, Бухгалтердик эсеп жөнүндө, Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө

**У-Б үчүн**: Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө, Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө

кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон көлөмдө мамлекеттик жана/же расмий тилдерди билүү;

**- билгичтиги:**

маалыматты жыйноо, талдоо, системалаштыруу жана жалпылоо;

аналитикалык документтерди даярдоо;

кесиптештер менен натыйжалуу кызматташуу;

**- көндүмдөрү:**

ишти пландаштыруу жана жумуш убакытын туура бөлүштүрүү;

компьютердик жана уюштуруу техникасын, зарыл болгон программалык продуктуларды колдоно билүү.

**Улук кызмат орундарына** (айыл чарба блок)
**коюлуучу квалификациялык талаптар (У-Б)** ( 1 штаттык бирдик)

**1) кесиптик билимдин деңгээли:**

- тиешелүү багыттагы жогорку билим;

**2) иш стажы жана тажрыйбасы:**

- жалпысынан **1** жылдан кем эмес мамлекеттик жана/же муниципалдык кызмат стажы же тийиштүү кесиптик чөйрөдө **3** жылдан кем эмес иш стажы;

**3. Кесиптик компетенциялары:**

- төмөнкүлөрдү билүү: Кыргыз Республикасынын жалпы мыйзамдарын, ошондой эле тиешелүү тармактагы мыйзамдарды: Жер кодекси, Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө; кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон көлөмдө мамлекеттик жана/же расмий тилдерди билүү;

**- билгичтиги:**

маалыматты жыйноо, талдоо, системалаштыруу жана жалпылоо;

кесиптештер менен натыйжалуу кызматташуу;

**- көндүмдөрү:**

ишти пландаштыруу жана жумуш убакытын туура бөлүштүрүү;

компьютердик жана уюштуруу техникасын, зарыл болгон программалык продуктуларды колдоно билүү.

**Кенже кызмат орундарына** (экономикалык блок)
**коюлуучу квалификациялык талаптар (К-Б)** (2 штаттык бирдик)

**1) кесиптик билимдин деңгээли:**

- тиешелүү багыттагы жогорку кесиптик билим же тиешелүү багыттагы орто кесиптик билим

**2) иш стажы жана тажрыйбасы:**

- иш стажына талап коюлбайт;

**3) кесиптик компетенттүүлүгү:**

- төмөнкүлөрдү билүү: Кыргыз Республикасынын жалпы мыйзамдарын, ошондой эле тиешелүү тармактагы мыйзамдарды: Бухгалтердик эсеп жөнүндө, Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө, Жарандардын кайрылууларынын кароо тартиби жөнүндө

кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон көлөмдө мамлекеттик жана/же расмий тилдерди;

**- билгичтиги:**

жогору турган жетекчилердин тапшырмаларын сапаттуу аткаруу;

кызматтык милдеттерге ылайык өз ишин натыйжалуу пландаштыруу;

**- көндүмдөрү:**

ченемдик укуктук актылар менен иштөө жана аларды практикада колдонуу;

компьютердик жана уюштуруу техникасын, зарыл болгон программалык продуктуларды колдоно билүү.

**Кенже кызмат орундарына** (гуманитардык блок)
**коюлуучу квалификациялык талаптар (К-А, К-Б)** (2 штаттык бирдик)

**1) кесиптик билимдин деңгээли:**

- тиешелүү багыттагы жогорку кесиптик билим же тиешелүү багыттагы орто кесиптик билим

**2) иш стажы жана тажрыйбасы:**

- иш стажына талап коюлбайт;

**3) кесиптик компетенттүүлүгү:**

- төмөнкүлөрдү билүү: Кыргыз Республикасынын жалпы мыйзамдарын, ошондой эле тиешелүү тармактагы мыйзамдарды: Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ж/дө, Жарандардын кайрылууларынын кароо тартиби ж/дө; кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон көлөмдө мамлекеттик жана/же расмий тилдерди;

**- билгичтиги:**

документтерди, маалыматтарды, суроо-талаптарга жоопторду сапаттуу даярдоо;

кызматтык милдеттерге ылайык өз ишин натыйжалуу пландаштыруу;

**- көндүмдөрү:-**

ченемдик укуктук актылар менен иштөө жана аларды практикада колдонуу;

компьютердик жана уюштуруу техникасын, зарыл болгон программалык продуктуларды колдоно билүү.

Тандоого катышуу үчүн төмөнкү документтер тапшырылат:
– өзүнүн арызы;
– резюме (электрондук почтаны көрсөтүү менен), өздүк таржымал (соттуулугу бар же жок экендиги жөнүндө маалыматты көрсөтүү менен);
– нотариустан же акыркы иштеген жеринде күбөлөндүрүлгөн негизги жана кошумча билимин (бар болсо) ырастаган документтердин көчүрмөлөрү;
– нотариустан же акыркы иштеген жеринде күбөлөндүрүлгөн эмгек китепчесинин көчүрмөсү (иш стажы бар болсо);
– илимий даражаны жана илимий наамды (бар болсо) ыйгаруу жөнүндө документтердин көчүрмөлөрү;
– паспорттун көчүрмөсү.

Сынака катышуу үчүн бардык каалоочуларга жогоруда көрсөтүлгөн иш кагаздарын көктөмөгө көктөп, жарыя чыккан күндөн баштап 10 календардык күн ичинде төмөнкү дарек боюнча тапшыруу  керек: Теплоключенка айылы, Ленина көчөсү, №154, 1-кабат, Теплоключенка айыл өкмөтү.
Сынак өткөрүү датасы боюнча кошумча айтылат.
Атк. Джумабаева Бактыгуль Раджаповна., тел.(03948) 91591; (0500) 369 922